**БЕКИТЕМИН**
Кыргыз Республикасынын ИИМнин
Академиясынын начальниги
милициянын полковниги
Абитов Т.Т. ______________
2021-жылдын "10" июнь

**Минбаев Советбек Аблазовичтин "Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери (тарыхый-укуктук аспектилери)" деген аталыштагы 12.00.01 – мамлекеттин жана укуктун тарыхы жана теориясы; мамлекет жана укук жөнүндөгү окуулардын тарыхы адистиги боюнча аткарылган юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына милициянын генерал-майору Э. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин академиясынын мамлекеттик укуктук сабактар кафедрасынын – жетектөөчү уюмдун**

## ПИКИРИ

1. **Изилденген теманын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-пунктуна ылайык адам укуктары жана эркиндиктери эң жогорку баалуулук деп таанылат. Биздин өлкөнүн негизги мыйзамында укук субъекттүүлүктүн төмөнкүдөй негизги принциптери бекемделген: адам укуктарын, эркиндиктерин абсолюттук жана ажыратылгыс деп таануу; мыйзам чыгаруу, аткаруу бийлигинин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн маңызын жана мазмунун аныктоо; мыйзамга карама-каршы келбеген бардык ыкмалар менен укук жана эркиндиктерди коргоо, анын ичинде аргасыз коргонуу; ошондой эле менчиктин кол тийбестигин жана өзүнүн мүлкүн өз алдынча ажыратуу.

Албетте, жарандык, кызматтык куралдардын жана алар үчүн патрондордун, жарылуучу материалдардын, жарандык-пиротехникалык заттардын, аларды пайдалануу менен жасалган буюмдардын жүгүртүлүшү; түстүү сүрөттөр үчүн көбөйтүү жана көчүрүү жабдуулары менен жабдылган көбөйтүү бөлүмдөрдүн иши; уулуу, баңги, психотроптук заттар жана прекурсорлор; ок атуучу жана атуучу тирлерди атуу, аңчылык аянтчаларын ачуу жана иштетүү; штамп жана гравюралар боюнча устаканалар өтө зарыл, анткени алар адамдарга чыныгы пайда алып келет. Ошону менен бирге, мындай объектилер туура эмес колдонулган учурда адамдарга олуттуу зыян келтириши мүмкүн экендигин да белгилей кетүү керек.

Кыргызстанда ок атуучу куралды колдонууга байланыштуу кылмыштардан башка да курал-жарак жана ок-дарылардын жүгүртүлүшү жаатында бир топ бузуулар жасалган. Ушуга байланыштуу, белгилүү бир

ВХОДЯЩИЙ № 93
12 06 2021 г.

талаптарды жана алар менен күрөшүү чараларын, камсыз кылынган укуктук тартиптерди сактоо үчүн атайын укуктук режимди жана контролду түзүү зарылдыгы келип чыгууда.

Ушул максатта, башка укук коргоо органдары менен катар Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыз кылуучу күчтөр болуп саналган ички иштер органдарында жарандардын кызыкчылыктарын коргоо максатында "адистештирилген лицензиялык-уруксат берүү" бөлүмдөрү түзүлгөн. Алар өз ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө лицензиялоо жана уруксат берүү тартибин сактайт жана мамлекеттик органдар, коомдук бирикмелер, жарандар менен өз ара аракеттенет.

1997-жылдын 3-мартында "Лицензиялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынышына байланыштуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы олуттуу өзгөрүүлөр, жалпысынан, мамлекеттик бийлик органдарынын, тактап айтканда, ички иштер органдарынын лицензиялоо жана уруксат берүү иш-аракеттеринин көптөгөн теориялык жана практикалык аспектилерин түшүнүүнү өзгөрткөнүн белгилей кетүү маанилүү.

Лицензиялык-уруксат берүү тутумун мамлекеттин жана коомдун заманбап муктаждыктарынын негизинде өркүндөтүү, укук теориясында, мыйзамдарда жана аны колдонуу практикасында жалпы кабыл алынган, ошондой эле жаңы жоболорун түшүнүү жана анализдөө зарылдыгы жогорку деңгээлде айтылган.

Башка тараптан караганда, лицензиялоо жана контролдоо иши боюнча ички иштер органдарынын ишин уюштурууга байланыштуу чечилбеген көйгөйлөр көп. Ички иштер органдарынын ыйгарым укуктары башка мамлекеттик органдарга салыштырмалуу лицензиялык-уруксат берүү иштери жаатында кыйла кеңири. Бул ыйгарым укуктардын мүнөзү ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчү бөлүмдөрүн лицензиялоо жана уруксат берүү иш-аракетинин негизги предмети катары кароого мүмкүндүк берет. Демек, ченемдик укуктук базаны, ыкмаларды жана методдорду, лицензиялоо жана уруксат берүү иштерин жүргүзүү практикасын талдоо Кыргыз Республикасынын ички иштер бөлүмдөрүнүн жана жалпы эле ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчү бөлүмдөрүнүн ишин өркүндөтүүгө өбөлгө болот. Бүгүнкү күндө ата мекендик юридикалык илимде лицензиялык-уруксат берүү иштеринин бөлүмдөрүнүн абалы өтө начар өнүккөн. Кыргыз Республикасында ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн лицензиялоо жана уруксат берүү маселелерин илимий жактан жетишсиз чагылдыруу автордун ушул чөйрөдөгү маселелерди изилдөөнүн дагы бир себеби болуп калды. Албетте, жогоруда белгиленген көйгөйлөр изилдөөнүн темасынын актуалдуулугун ырастайт.

Ошондой эле лицензия жана уруксат алууну жөнгө салуу ыкмаларын ар тараптуу, толук изилдөө зарылдыгы да жаралат.

Демек, жогорудагы маселелер диссертациялык изилдөөнүн темасын тандоону, анын актуалдуулугун, укук жана мамлекет теориясы илими жана

ички иштер органдарынын тажрыйбасы үчүн маанилүүлүгүн аныктап турары күмөн жаратпайт.

Изилдөө темасын толук ачып берүү үчүн диссертант тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, чет өлкөлүк мыйзамдар талданды. Ушунун баары изилденип жаткан теманын тандалышын жана актуалдуулугун аныктады.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде изденүүчү тараптан аткарылган илимий изилдөө өз учурунда актуалдуу деп кортундуласа болот.

**2. Диссертацияга карата талаптардын чегиндеги илимий натыйжалар.** Диссертациялык иште юридикалык илимдин өнүгүүсү үчүн чоң мааниге ээ илимий-негиздүү теориялык натыйжалар сунушталган:

**1-жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумунун тарыхый-укуктук аспектилери изилдөөгө алынды.

**2-жыйынтык.** Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгү милициянын атайын айгарым укуктуу бөлүмдөрү тарабынан лицензиялык-уруксат берүү тутум тарабынан орнотулган эрежелерди системалуу көзөмөлдөө, укук бузууларды алдын алуу жана тиешелүү мамлекеттик мажбурлоо чараларын көрүү боюнча аракеттердин топтому катары аныкталды.

**3-жыйынтык.** Ок атуучу курал-жарактарды сатып алуу, сактоо жана алып жүрүү үчүн уруксат берүү эрежелерине кошумча талаптарды киргизүү зарылчылыгы негизделди. Атап айтканда, 1999-жылдын 9-июну №49 Кыргыз Республикасынын “Курал жөнүндө” мыйзамына ок атуучу курал-жарак сатып алууну каалаган жакка комиссиялык, медициналык текшерүү милдеттүүлүгү боюнча сунуш киргизилди.

**4-жыйынтык.** Текст жана жеке маалымдоо каражаттарында чагылдырылган маалыматтарды кыска мөөнөттүн ичинде жайылтуу, өндүрүү үчүн атайын техникалык мүнөзгө, параметрлерге ээ жана түстүү көчүрүү, басма материалдардын топтому катары “Түстүү басмадагы көбөйтүүчү-нускалоочу техника” түшүнүгү калыптандырылды.

**5-жыйынтык.** Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумун оптималдаштыруу, лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүктүн формасын жана усулдарын өркүндөтүү үчүн ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгү концепсиясын иштеп чыгуу сунушу аргументтештирилди.

**6-жыйынтык.** Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүн өркүндөтүү максатында лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумун өнүктүрүүнүн негизги багыттары аныкталды.

**3. Ар бир натыйжанын негиздүүлүк жана аныктык даражасы (илимий абалы), изденип алуучунун диссертациялык изилдөөдө баяндалган тыянактары жана корутундулары.** Диссертацияда калыптанган тыянактар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдерин, адабият булактары менен практикалык жана

архивдик материалдардын кеңири чөйрөсүн талдоодон жана жалпылоодон алынган анык булактарга негизделген.

Автор жасаган натыйжалардын, тыянактардын, корутундулардын негиздүүлүгү жана аныктыгы төмөнкүлөр менен ырасталат:

**1-жыйынтык.** Негизделгендиги жана ишеничтүүлүгү күмөн жаратпайт, анткени тиешелүү илимий-теориялык адабияттар, чет өлкөлөрдөгү монографиялык изилдөөлөр талданып алынган.

**2-жыйынтык.** Негизделгендиги жана ишеничтүүлүгү шексиз, бул жыйынтык биринчи булактардын жана илимий адабияттардын тобун кеңири изилдеп алынган.

**3-жыйынтык.** Негизделгендиги жана ишеничтүүлүгү чет өлкөлөрдүн илимий адабияттарын, лицензиялык-уруксат берүүчүлүк чөйрөсүндөгү мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүн талдоо менен тастыкталат.

**4-жыйынтык.** Негизделген жана ишеничтүү, анткени түрдүү авторлордун көз караштарын, ой-пикирлерин салыштыруунун жана критикалык талдоонун негизинде иштелип чыккан.

**5-жыйынтык.** Негизделген жана ишеничтүү, себеби мамлекеттин жана укуктун теориясынын укук ченемдеринин анализинин негизинен келип чыккан.

**6-жыйынтык.** Негизделген жана ишеничтүү, анткени теориялык жана практикалык материалдарды изилдөөнүн негизинде жаралган.

**7-жыйынтык.** Негизделгендиги жана ишеничтүүлүгү күмөн жаратпайт, себеби укук колдонуучулук тажрыйбанын изилденүүсүнүн негизинин жыйынтыгы болуп саналат.

**4. Диссертацияда баяндалган ар бир натыйжанын (жобонун), тыянактын жана корутундунун жаңычылдык даражасы.**

**1-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп эсептелет, анткени биринчи булактарды жана илимий изилдөөлөрдү изилдөөнүн негизинде иштелген, себеби Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу ыкмалары каралган.

**2-жыйынтык.** Жаңы болуп саналат, анткени Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу боюнча автордун көз караштары камтылган.

**3-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп эсептелет. Автор Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгү боюнча жакынкы чет өлкөлөрдүн укуктук-ченемдик актыларын, документтерин изилдеди.

**4-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп саналат, себеби ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери негизделген.

**5-жыйынтык.** Жаңы деп эсептелет, анткени Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгү биринчи жолу диссертациялык деңгээлде талданган.

**6-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп саналат, себеби биринчи жолу Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери боюнча ата мекендик мыйзамчыгаруучулуктун талдануусу диссертациялык деңгээлде жүргүзүлгөн.

**7-жыйынтык.** Жаңы болуп эсептелет, анткени укук колдонуучулук тажрыйбанын изилденүүсүнүн жыйынтыгынан келип чыккан.

**5. Алынган натыйжалардын ички биримдигине жана тийиштүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана прикладдык милдеттерди чечүүгө болгон багыттуулугуна баа берүү.**

Изденүүчү Минбаев Советбек Аблазовичтин диссертациялык илимий изилдөөсүнүн ички биримдиги иштин башкы максатын компетенттүү жана сабаттуу аныктоо менен камсыз кылынган. Сунуш кылынган иш теориялык жактан да, практикалык жактан да зор мааниге ээ болуп, мазмунунун алгылыктуу түзүлгөндүгү менен айырмаланат. Диссертациялык изилдөөнүн түзүмү автор алдыга койгон максаттарды жана милдеттерди толук ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Коргоого коюлуп жаткан натыйжалар менен жоболордун жаңычылдык даражасы, алгач, автор тарабынан Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензия жана уруксат берүү тартибин укуктук жөнгө салынышын, лицензиялык-уруксат берүү, курал жөнүндө мыйзамдарды жакшыртуунун көйгөйлөрүн ар тараптуу каралгандыгы менен аныкталат.

Диссертациялык изилдөө укук жана мамлекет теориясы, административдик укук илимдерди камтыган дисциплиналар аралык мааниси бар бир катар маселелерди теориялык жактан жалпылоо болуп саналат. Изилдөөдө камтылган тыянактар жана жоболор аныкталып, илимий жактан негизделген.

Диссертацияда баяндалган тыянактар менен сунуштардын, корутунду жоболорунун илимий негиздүүлүгү жана аныктыгы Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүү ишмердүүлүгүн жөнгө салынышынын теориясындагы негизги маселелер жана көйгөйлөрүн тастыктаган илимий изилдөөлөрдү, укук колдонуу практикасындагы материалдарды жана бул чөйрөдөгү мамилелерди жөнгө салган ченемдик-укуктук актыларды ар тараптуу системалык талдоо, заманбап ыкмаларды жана изилдөө каражаттарын пайдалануунун так жана жетиштүү деңгээли менен аныкталат.

Сунуш кылынган илимий ишти толук аяктаган, практикалык мааниси бар, юридикалык илимди андан ары өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүчү иш катары мүнөздөөгө болот.

Жалпысынан алганда, диссертациялык иш кандидаттык диссертацияга коюлган талаптарга жооп берет.

**6. Изденип алуучу алган натыйжалардын тийиштүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана прикладдык милдеттерди чечүүгө багыттуулугу.**

Изденүүчү коргоого алып чыккан тыянактар жана жоболор юридикалык илимде илимий-теориялык жана практикалык баалуулукка ээ, анткени аларды жүзөгө ашыруу Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүү ишмердүүлүгүндөгү маселелерди кыйла терең изилдөөгө жана иликтөөгө көмөк көрсөтөт.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жүрүшүндө, алынган бардык илимий тыянактар жана жоболор ушул иште алдыга коюлган максаттарга, теориялык жана практикалык милдеттерге жетишүүгө багытталган.

**7. Диссертациянын жарыяланган негизги жоболорун, натыйжаларын, тыянактарын жана корутундуларын ырастоо.**

Изилдөөнүн мазмуну диссертанттын макалаларында жарыяланган. Изденүүчү диссертациялык ишинин мазмунун, негизги жоболорун камтыган тогуз илимий макаланы тийиштүү журналдарга чыгарган:

1. Минбаев, С.А., Кулдышева, Г.К. О разрешительной системе в обычном праве кыргызов. 2019. – Москва, № 2 (34) 2019. - С.5-8;
2. Минбаев, С.А. Сравнительный анализ правовой регламентации лицензионно-разрешительных систем. Евразийский Юридический журнал, 2019. – Москва, Вып. №9 (136) - С.67-69;
3. Минбаев С.А. Актуальные вопросы исследования лицензионно-разрешительной деятельности в органах внутренних дел Кыргызской Республики. «Евразийское Научное Объединение» – Москва, 2020. - № 9 (67) - С. 275-276;
4. Минбаев, С.А. О понятии лицензионно-разрешительной деятельности. «Евразийское Научное Объединение» – Москва, 2020. - № 9 (67)-С.277-279;
5. Минбаев, С.А. Лицензионно-разрешительная деятельность в зарубежных странах. «Евразийское Научное Объединение» -Москва, 2020. – № 10 (68). - С.367-368;
6. Минбаев, С.А. Регулирование частно-ссыскной деятельности в зарубежных странах. «Евразийское Научное Объединение» - Москва, 2020. – № 10 (68). - С. 369-3714;
7. Минбаев, С.А. Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүү иши жөнүндө маселеге карата. «ОшМУнун жарчысы». – Ош, 2020. - 234-237-б.б.;
8. Минбаев, С.А. Көзөмөлдөө - Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк бөлүмүнүн негизги маселеси катары. «ОшМУнун жарчысы». – Ош, 2020. - 238-241-б.б.
9. Минбаев, С.А. Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүү ишмердүүлүгүндөгү контролдук функциясы. Кыргыз Республикасындагы илимий изилдөөлөр. Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясы. -Бишкек №4, 2020. I бөлүм. - 93-99-б.б.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна ылайык келиши.**

Минбаев Советбек Аблазовичтин авторефераты диссертациянын мазмунуна толук ылайык келет, негизги жоболорду, тыянактарды жана натыйжаларды чагылдырат.

Авторефератта үч: кыргыз, орус жана англис тилдеринде аннотациялар бар. Алар Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайык таризделген.

**9. Диссертациянын мазмуну жана аны жол-жоболоштуруу боюнча сунуштар.**

Белгиленген артыкчылыктар менен бирге эле илимий изилдөө ишинде айрым бир, биздин оюбузча кемчиликтер да кездешет:

1. Изилдөө ишинде практикалык материалдар мисалы аз колдонулганы байкалат.

2. Диссертациялык илимий изилдөө ишинде ата мекендик авторлордун эмгектери аз колдонулган.

3. Лицензия жана уруксат берүүдө каралган талаптарды аткарбаган же толук эмес аткаргандыгы үчүн жоопкерчиликтер боюнча ченемдер кеңири берилбегендиги аныкталды.

Бул көрсөтүлгөн сунуштар иштин жалпы деңгээлине таасирин тийгизбейт. Изилдөө керектүү сапатта, коюлган талаптарга ылайык аткарылган.

**10. Диссертациянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын Жобосу менен коюлган талаптарга ылайык келиши.**

Минбаев Советбек Аблазовичтин **«Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери (тарыхый-укуктук аспектилери)»** деген темада жазылган кандидаттык диссертациясын талдап, анын темасынын актуалдуулугун, максат-милдеттеринин аткарылгандыгын, диссертациялык иштин толук бүткөндүгүн, тапкан жаңылыктарын жана анын теория, практика үчүн керектүүлүгүн эске алып, анын авторуна 12.00.01 – мамлекеттин жана укуктун тарыхы жана теориясы; мамлекет жана укук жөнүндөгү окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга негиз бардыгын ишенимдүү ырастоого болот.

Жетектөөчү уюмдун пикири милициянын генерал-майору Э. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Академиясынын мамлекеттик - укуктук сабактар кафедрасынын 2021-жылдын «07» 06 (протокол №25) кеңейтилген жыйынында талкууланып сунушталды.

Мамлекеттик - укуктук сабактар
кафедрасынын начальниги, ю.и.д.,
доцент, милициянын полковниги Ботоева Ч. К.

Подпись Ботоевой Ч.К.
заверяю:
Начальник секретариата Академии МВД Кыргызской Республики
С. Касымова